| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ<br>КЕҢ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕН-ТАЛААСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын 6-сессиясынын**

**№ 25 Т О К Т О М У**

**Бешкент айылы** **2025-жылдын 17-июну**

Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин сметасында каралган 2215 статьясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" мыйзамынын 34-беренесине ылайык, жана Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 17-июнундагы №63 сандуу сунуш катын угуп жана талкуулап Кең-Талаа айылдык кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин сметасында каралган 2215 статьясынан, 2022-жылдагы Кыргыз-Тажик чек ара коогалаңында каза болгон жоокер "Ата-Мекендин" баатыры, Мурас айылынын тургуну Якубов Жаныбек Мусабаевичтин жаркын элесине арналган райондук деңгээлде өтүүчү спорттук иш-чарага 70 (жетимиш мин) сом акча каражаты бөлүнүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Ушул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы К.Муратовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин бюджет, экономика, айыл чарбасы инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б.Жумабайев.**